Абдуллаев Р.М., Кудайбердиева Г. Авязова А.М.

# КИТЕП –РУХАНИЙ БАЙЛЫК ЖАНА АДАБИЙ ОКУУДА КИТЕП ОКУУНУН МААНИСИ

Абдуллаев Р.М., Кудайбердиева Г. Авязова А.М.

# КНИГА-ЭТО ДУХОВНОЕ БОГАТСТВО И ВАЖНОСТЬ ЧТЕНИЯ В ЛИТЕРАТУРНОМ ЧТЕНИИ

Abdullaev R., Kudaiberdieva G., Avyazova A.

# A BOOK IS A SPIRITUAL WEALTH AND THE IMPORTANCE OF READING IN LITERARY READING

*УДК: 37.017.92*

*Бул макалада китеп окуу,адабий окуу көндүмдөрүн калыптандыруу,көркөм адабий окуунун маданияты жөнүндө кеп кылмакчыбыз. Окуучулар китеп окуу менен таанып-билүүсү жана маданияты өркүндөйт.Китеп окуу менен адамдын эс тутуму жакшырат, ой жүгүртүүсү тез болот. Китеп бул- илим, билим, маданият, адабий-көркөм чыгармаларды жайылтуунун, сактоонун маанилүү каражаты. Китеп окуу менен биз илим алууга, чет тилдерин үйрөнүүгө, дүйнө таанууга, интеллектуалдык жөндөмдү арттырууга жана Кыргызстандын өнүгүүсүнө салым кошкон болот элек.*

*Азыр, жаштар гана эмес улгайгандардын арасында көпчүлүгү китепке кайдыгер карап, соцтармактардын кулу болуп калды, башкача айтканда соцтармакка кызыгуу өрчүп баратат. Азыркы муундун инсандарына китеп окуганды үйрөтүү менен бирге китеп анын чыныгы досу, окутуучусу, кеңешчиси, китеп менен дос болууга үйрөтүү абзел. Билим жана илим аркылуу кыргыз улутуна кут береке алып келүүгө жетишебиз. Азыркы мезгилде китеп окуунун ордун телефон жана компьютер ээлеп олды десек ката болбос,ал эми аталган техникалар көптөгөн жакшы жактары менен ,окуучуларды жалкоо,денгесе ,иш жакпас кылып койду.Жаштарыбыз колуна китеп кармагандын ордуна телефон кармап калууда.Сөз искусствосунун ордуну эч бир искусство баса албайт.Биздин максатыбыз жаштарды китеп окууга үйрөтүү жана китеп окуу көндүмдөрүн калыптандыруу болуп эсептелет.*

***Ачкыч сөздөр:** Китеп, илим, билим, дүйнө,инсан, келечек,ачкыч, эс, соцтармактар, телефон, интеллект, депрессия, сөз, көркөм окуу.*

*В этой статье мы рассказываем о чтении книг,формировании навыков литературного чтения,культуре художественного чтения. Учащиеся развивают свои познания и культуру, читая книги. Чтение книги улучшает память человека, его мышление становится более быстрым. Книга- важное средство распространения, сохранения научных, образовательных, культурных, литературно-художественных произведений.Читая книги, мы могли бы получать знания, изучать иностранные языки, познавать мир, повышать интеллектуальные способности и вносить свой вклад в развитие Кыргызстана. Теперь не только молодежь, но и многие среди пожилых людей стали рабами социальных сетей, пренебрегая книгами, а это означает, что интерес к социальным сетям продолжает расти. Наряду с обучением людей нынешнего поколения чтению, книга должна научить его быть его настоящим другом, учителем, советчиком, другом книги. Через образование и науку мы сможем принести благополучие кыргызской нации. Не будет ошибкой сказать,что в настоящее время место чтения книг заняли телефон и компьютер ,а названные приемы,обладая многими достоинствами ,сделали учащихся ленивыми, вялыми и непривлекательными для работы. Наши молодые люди держат телефон вместо того, чтобы держать книгу в руках. Ни одно искусство не может занять место искусства слова.Наша цель-научить молодежь читать и развивать навыки чтения.*

***Ключевые слова:** книга, наука, образование, мир,личность, будущее, ключ, память, социальнии сети, телефон, интеллект, депрессия, слово, художественное чтение.*

*In this article, we will talk about reading books, the formation of literary reading skills, and the culture of artistic reading. Students develop their knowledge and culture by reading books. Reading a book improves a person's memory, his thinking becomes faster. A book is an important means of distributing and preserving scientific, educational, cultural, literary and artistic works. A book is an important means of distributing and preserving scientific, educational, cultural, literary and artistic works. By reading books, we could gain knowledge, learn foreign languages, explore the world, improve our intellectual abilities and contribute to the development of Kyrgyzstan. Now, not only young people, but also many among the elderly have become slaves to social media, neglecting books, which means that interest in social media continues to grow. Along with*

*teaching people of the current generation to read, the book should teach them to be their true friend, teacher, adviser, friend of the book. Through education and science, we will be able to bring prosperity to the Kyrgyz nation. It would not be a mistake to say that nowadays the telephone and computer have taken the place of reading books, and these techniques, having many advantages, have made students lazy, sluggish and unattractive to work with. Our young people are holding a phone instead of holding a book in their hands. No art can take the place of the art of the word.Our goal is to teach young people to read and develop their reading skills.*

***Keywords:*** *book, science, education, the world, the personality, the future, the key, memory, social media, phone, intelligence, depression, the word, artistic reading.*

Китеп жана анын мааниси жөнүндө мурдагы макалаларыбызда да жазган элек. Китеп билим алуудагы негизги баалуулук болуп саналат. Мына ушул китеп деген баалуу байлыкта кыргыз элинин каада-салты,үрп адаты, залкар эпосубуз Манас жана атактуу инсандарыбыздын басып ёткён ёмър таржымалдары, улууну урматтоо,кичүүнү сыйлоо деген нускалуу акыл кептери жазылган [1.48-49-б ].

Китеп-акыл ойдун баа жеткис асыл казынасы. Анткени, күн санап заман агымына карай, заманбап техникаларга таянбайлы, алар эч качан китептин ордун толуктай албайт.Акыл байлыгыбыз болгон китеп, адамзаттын жашоого болгон ички сезимин ойготуучу жан дүйнөсүнүн дил азыгы болот тура! Азыр жаш муундарыбыз китеп окуудан алыстап, кыргыз болуп туруп “Манас”эпосун окубаган кыргыз жаштарын саны көбөйүп жаткандыгы жашыра турган кеп эмес, б.а. интернет булактарынан гана маалымат алууну көздөп калган учур [2.171-б].

**Китеп** (ар.-жазма) -1) көлөмдүү басылма; 2) маалыматты сактоонун, аны муундан-муунга өндүрүмдүү өткөрүп берүүнүн бир формасы.

Эгемендүүлүктө жашап жатканыбызга 30 жылдан ашык мезгил болду. Биздин ата бабаларыбыз руханий байлыкты бийик коюп келишкен. Буга Манас эпосунда, Жусуп Баласагындин “Куттуу билим” чыгармасы дагы көптөгөн мисалдар бар.Туулган күндөргө негезинен белекке китеп берилет эле. Адамдар колуна пул түшсө дароо магазинден китеп сатып алат эле. Эгемендүүлүк жылдарында биринчи орунда материалдык байлык эсептелип, жаштарыбыз материалдык байлыкка берилип, кантип көп акча тапсам болот деген ой менен гана жалан акча табууга басым жасап кетишти. Базар экономикасын шылтоо кылып, руханий байлык экинчи орунга түшүп калды.

Эгемен Кыргызстанды өнүктүрүү үчүн биринчи орунда-руханий байлыкты өстүрүү зарыл. Муну иш жүзүнө ашыруу үчүн негизинен китеп окууга адаттануу зарыл, аның үчүн үй-бүлөдө, бала бакчада, мектепте, ЖОЖда тарбия берүү мекемелеринде кеңири маани берүү зарыл.

Билимди-негизинен китептен аларыбыз таалашсыз,бирок техника өнүккөн сайын жаштар бир аз жалкоолошуп бара жаткандай сезилет .Ал эми акыл эмгеги-китеп окуудан көрө компютерден даяр материалдарды көчүрүп алуу же болбосо даяр маалыматтарды кампютерден карап коюу менен чектелип жаткандай туюлат. Китептен окуп билим алуу адамзаттын көз карашын өнүктүрүп, жаштардын таанып билүүсүн жакшыртаары маалым. Азыркы мезгилде “Бирге окуйбуз”доолборлору жаш муундун билим алуусуна пайдасын тийгизип жаткандыгы талашсыз экендигин баса белгилөө менен жаштарды китеп окууга чакырабыз жана китеп окуунун жакшы жактарына токтолобуз.

Китеп окуу-үйрөнүүнү жаратат. Китеп окуу-илим дегенди туюндурат. Ал нерсени жашоонун бир бөлүгү менен чектей албайбыз, бешиктен баштап кабырга чейин уланат.

Китеп окуу -сабатсыздыкты жана туура эмес ишенимдерди жеңе турчу жалгыз күч. Ал адамдын өзүн-өзү таануусу. Китеп окуу адамдардын ортосундагы мамилелерди башкарат.

Китеп окуу-адам баласына эмне үчүн жаралгандыгын үйрөтөт. Ал кээде бизди жылмайтса кээде ыйлатат. Бирок ал дайыма адамдын адам болгондугун эскертип турат. Китеп адамга өз жан дүйнөсүн таанытат ошол эле убакта жан дүйнөбүздүн чектерин кенейтет, бизди улуу инсандар менен кезиктирип, улуулукту издөөгө чакырат.

Китеп окуу бир тараптан караганда узун жыргал саякатка окшош. Башында бара турчу жер белгиленип, жолго аттанабыз. Ар бир кадамда, ар бир жакындоодо ал жерге болгон кызыгуубуз, каалообуз артат. Ошентип отуруп жол дагы эстен чыгат, басып баратканыбыз дагы унутта калат. Канчалаган сонун жерлерди, сонун нерселерди көрөбүз. Алардан эргип ырахат алуу менен өз билимибизге кошуп жолду улантабыз.

Улуу тарыхыбызга баш баксак, доорлорду шам чырактай жаркыраткан ата бабаларыбыз ошол ачкыч менен илим-билим эшигин ачып, улуу чокуларга жетишкен. Ошондуктан биз да китеп окууну адатка айлантуубуз керек.

Илим билим алууга, китеп окууга, чет тилдерин үйрөнүүгө, интеллектуалдуулук жөндөмдү арттырууга аракеттенсек Кыргызстандын өнүгүүсүнө салым кошмок белек?

Билген башка билгенди бөлүшкөн башка дегендей билгенибизди бөлүшүп китеп окууну күнүмдүк адатка айлантсак жакшы болмок.

Илим-билим, маданият, адабий-көркөм чыгармаларды жайылтуунун, сактоонун маанилүү каражаты. Ал коомдук мааниге ээ. Алгачкы китепти байыркы вавилондуктар, ассириялыктар ылайдан жасашкан. Алар жумшак ылай тактачага учтуу таякча менен өзгөчө белгилерди чийип жазышкан. Андан кийин тактачаны кургатып, отко бышырышкан. Мындай ылай тактачалардан китептер түзүлгөн. Ал эми Кытайда алгачкы китептер бекем жипке кабатталып өткөрүлгөн жука бамбук тактачалар түрүндө болгон. Кийинчерээк кытайлар кыл калемди тушка малып, жибекке жазышкан. Байыркы Египетте таш такталарга чегип, китеп жазышкан. Кийин алар папирусту ойлоп табышкан. Камыштын сөңгөгүн жалпайтып таптап, бири-бирине улаштырып, узундугу ондогон метрге жеткен тасма жасашкан. Жазуу жазылган мындай тасманы түтүк кылып ороп сакташкан. Египет папирусу ошол кездеги эң мыкты жазуу каражаты катары Байыркы Греция менен Римде да дээрлик 2 миң жыл пайдаланылган. Кийин Кичи Азиядагы Пергам падышалыгы учурунда (биздин заманга чейинки 2-кылым) жаңы жазуу материалы катары — айбанаттардын терисинен пергамент жасалган. Папирус менен пергамент өтө кымбат болгондуктан, Байыркы Греция менен Римде аларды үнөмдөө үчүн адегенде мом чапталган тактачага учтуу таякча менен жазышып, андан кийин гана папируска же пергаментке көчүрүшкөн. Ал эми орто кылымдарда Комитети пергамент баракчаларынан жасалган дептерге кол менен жазышкан. Барактары бүктөлүп же бырышып калбас үчүн дептерлерди эки жагына жыгач такта коюп бириктирип көктөшкөн. Жыгач тактаны булгаары же кездеме менен капташкан. Азыркы биз билген Комитетин алгачкы формалары мына ушинтип пайда болгон. Бирок анын белгилүү 2 негизги тарыхый түрү бар: биринчиси — түрмөк (биздин заманга чейинки 4—3-миң жылдыктар), кийин ал 2—4-кылымдан кодекс менен алмашылган. Китеп даярдоо биздин заманга чейинки 7-кылымда Египеттен Грецияга, андан Римге өткөн. 105-жылы кытай чебери Цой Лунь кагазды ойлоп тапкан. Алгачкы китеп 11-кылымда Кытайда пайда болгон. 13-кылымдан Европада негизги жазуу материалы катары кагаз колдонулуп, 15-кылымдан китеп басылып чыга баштаган. Орустун байыркы кол жазма китеби 11-кылымдарга таандык.

Россияда китеп басууга И. Фёдоров жана П. Мстиславец биринчи жол ачып, 1564-жылы «Апостол» деген Комитети басып чыгарышкан. Орус китепти басып чыгарууда агартуучу Н. И. Новиковдун (1744—1818) салымы чоң. 18-кылымдын акырында кагаз машинасы, 19-кылымдын башында басма машина, 2-жарымынан терип басуу машинасы колдонулган. Бийиктиги бир жарым метрге жеткен, бир адам көтөрө алгыс өтө чоң жана эң кичинекей «эргежээл» жана почта маркасындай болгон китептер да бар. 20-кылымдын башынан фототехниканын колдонулушу менен китеп басып чыгарууну механикалаштыруу кыйла өркүндөгөн. Техникалык прогресс Комитетин формасын жана таратуу жолдорун өзгөрттү: Интернетке жайгаштырылган жана компьютердин эсинде сакталуучу цифралык китеп фонддору пайда болду. Электрондук форматта жазылган китеп электрондук китеп (же е-китеп), ал эми аудиоформаттагысы аудиокитеп деп аталат. Учурда Кыргызстанда жылына миңге жакын аталыштагы китеп басып чыгаруучу басмаканалар иштейт. Китеп басуу мезгил талабына ылайык, жаңы технологияны колдонуу менен, башкача айтканда. компьютер аркылуу сапаттуу жана тез арада чыгарууга ыңгайлаштырылган.

*Дүйнөнү жаңырткан китеп. "Китеп – билим булагы" деп айтылат. Андыктан, китеп окуу ааламдашуу доорунда адамзатынын техникалык жетишкендиктеринин көмүскөсүндө калып бара жатканы абдан өкүнүчтүү. Заманбап гаджеттер адамдардын жашоосунун ар тарабына кеңири жайылып, жакын досуна айланды. Буга карабастан, арабызда китеп окууну сүйгөн, адабий мурастарды баалай билгендер жок эмес. Бүтүндөй дүйнө жүзүнүн миллиондогон окурмандарын багындырган китептер ар кандай доорлордо жазылган, бирок, алигиче актуалдуулугун жана белгилүүлүгүн жоготпой келишет [3.30-31-б].Китепти окуп Наватор, чыгармачыл мугалим, белгилуу педагог Гапыр Мадаинов Акыл эмгегинын маданияты( Бишкек-2020-жыл)эмгегинде китеп окуунуу баса белгилеп, китеп окууда биздин кемчиликтерибиз жана аны түзөтүүнүн жолдору деп төмөнкүлөрдү жазат:*

1. *Туура эмес окуйбуз (тамга, мүчө калып кетет).*
2. *Шашып окуйбуз.*
3. *Сүйлөм абзацты окуп, токтоп, ойлонбостон эле окуйбуз.*
4. *Интонация менен окуйбуз.*
5. *Түшүнүксүз сөздөрдү сөздүктөн таап, сурап, билбестен окуйбуз.*
6. *Бир сөздү түшүнбөсөк – сүйлөм түшүнүксүз болот, сүйлөм түшүнүксүз болсо бүт тема түшүнүксүз болот.*
7. *Тез окуймун деп, мүчө, тамгаларды таштап кетебиз.*

8. *Башка жакты ойлоп, алагды болуп окуйбуз.*
9. *Чарчап отуруп окуйбуз.*
10. *Уйкусурап окуйбуз.*
11. *Каалабай окуйбуз.*
12. *Коркуп окуйбуз.*
13. *Китепти окуп баратып акылыбыз менен ойлоп, жүрөгүбүз менен сезбейбиз.*
14. *Түшүнүксүз, кыйын жерлерине келип зеригип, калганын окубай коебуз.*
15. *Сөз байлыгыбыз аз, өтө жарды, ошол үчүн окуганыбызды мээбиз кабыл кылбайт, түшүнбөйбүз.Анткени окуганды түшүнүү үчүн бизде база, илгерки билим, түшүнүк болуусу керек.*
16. *Татаал сөздөрдү окуй албайбыз.*
17. *Окуунун көп түрүн билбейбиз:*

- *Көз жүгүртүп, тез окуп тааанышуу*
- *Тез окуу*
- *Түшүнүп окуу*
- *Ойлонуп шашпай окуу*
- *Талкуулап окуу*
- *Ролдоштуруп окуу*
- *Суроо берип окуу*
- *Талдап окуу*
- *Тандап терип окуу*
- *Обзор окуу*
- *Ичинен окуу*
- *Сыртынан окуу (үн менен)*

18. *Абзац, тыныш белгилерине карап, маани берип окубайбыз.*
19. *Салмактуу окубайбыз.*
20. *Өзүбүзгө, өзүбүз жеткирип окубайбыз.*
21. *Окуу техникасын билбейбиз.*
22. *Так, даана, жеткиликтүү, таасирдүү окубайбыз.*
23. *Өзүбүз окуганыбызды өзүбүз жакшы укпайбыз.*
24. *Суроо берип суроого жооп берип, издеп окубайбыз.*
25. *Колго калем алып, негизгисин бөлүп, астын сызып окубайбыз.*
26. *Логикалык басымды туура коюп, окубайбыз [4.16-б].*

*Китеп окуудагы кемчиликтердин дагы бири — балдардын өз ойлорун креативдүү жана оригиналдуу түрдө билдирүү жөндөмүнүн жоктугу. Адабий окуу, өзгөчө көркөм тексттер, балдарга чыгармачылык менен ой жүгүртүүгө жана сөздү тандап колдонууга жардам берет. Мисалы, балдар өзүнүн тажрыйбаларын баяндоодо, тексттин элементтерин талкуулоодо жана жазуу иштеринде чыгармачылыкты колдонууга үйрөнүшөт.*

*Китеп окуу балдардын билим алуусун, дүйнө таанымын кеңейтүүнү жана эмоционалдык өнүгүүнү камсыз кылат. Бирок, бүгүнкү күндө балдар арасында китеп окууга кызыгуунун төмөндүүлүгү, жогорку деңгээлде окуу көндүмдөрүнүн жоктугу жана башкалардай кемчиликтер белгилүү болгон көйгөйлөргө айланууда. Бул көйгөйлөрдү жеңүү үчүн адабий окуу чоң роль ойнойт, анткени адабий окуу балдардын көптөгөн чөйрөлөрдө өнүгүшүнө жана өздөрүн көрсөтүшүнө мүмкүнчүлүк берет. Адабий окуунун мааниси китеп окуудагы кемчиликтерди жоюуга төмөнкү жолдор менен жардам берет:*

- **Тилдик жана сөз байлыгын өнүктүрүү.**

Китеп окуудагы эң чоң кемчиликтердин бири — балдардын сөз байлыгынын чектелиши жана жазуу менен сүйлөөнүн жакшыртылышы. Адабий окуу балдардын сөз байлыгын кеңейтүүгө чоң таасир тийгизет. Көркөм чыгармалардагы ар түрдүү сөздөр, сөз айкаштары жана стилистикалык каражаттар балдарга жаңы сөздөрдү үйрөнүүгө, ар бир сөздүн жана сүйлөмдүн маанисин түшүнүүгө жардам берет. Бул аларды тексти терең түшүнүүгө жана жакшы түшүнүү үчүн тийиштүү сөздөрдү колдонууга үйрөтөт.

- **Чыгармачылык жана логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү**

Китеп окуудагы дагы бир кемчилик — балдардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүнүн жана логикалык ойлонуусунун чектелиши. Көркөм адабият балдарга ар түрдүү ситуацияларды, каармандарды жана сюжеттерди сунуштайт, бул аларды чыгармачылык жана логикалык ой жүгүртүүгө үндөйт. Адабий окуу балдардын ойлонуусун кеңейтет, аларды тексттин терең маанисин изилдөөгө, анын маанисин түшүнүүгө

жана өзү үчүн жаңы маанилерди ачууга түртөт.

- **Эмоционалдык жана моралдык өнүгүү**

Китеп окууга болгон кызыгуунун жоктугу балдардын эмоционалдык жана моралдык дүйнөсүнө терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Адабий окуу балдарга адамгерчилик, адалдык, сүйүү, достук, туруктуулук сыяктуу моралдык баалуулуктарды үйрөтөт. Чыгармачылык тексттер каармандардын сезимдери жана иш-аракеттери аркылуу, ошондой эле жазуучунун образдарын түзүүдө, балдарга туура жана туура эмес жөнүндө ойлонууга мүмкүнчүлүк берет. Бул эмоционалдык жана моралдык билимдер балдардын өзү тууралуу түшүнүгүн, ошондой эле дүйнө таанымын тереңдетет.…

- **Жазуу жана сүйлөө жөндөмдөрүн жакшыртуу**

Китеп окуунун кемчиликтери көп учурда балдардын жазуу жана сүйлөө жөндөмдөрүнүн төмөндүүлүгүнөн улам келип чыгат. Адабий окуу бул маселени чечүүгө жардам берет. Көркөм адабияттагы стилистикалык ыкмалар жана тексттердин структуралары балдарга өз ойлорун жана эмоцияларын так жана түшүнүктүү түрдө билдирүүгө үйрөтөт. Көркөм тексттерди окуп, аларды талкуулай жүрүп, балдар өздөрүнүн сүйлөө жана жазуу жөндөмдөрүн өркүндөтүшөт.

- **Чыгармачылык жана сөздү тандап колдонуу жөндөмдөрүн жакшыртуу**

Китеп окуудагы кемчиликтердин дагы бири — балдардын өз ойлорун креативдүү жана оригиналдуу түрдө билдирүү жөндөмүнүн жоктугу. Адабий окуу, өзгөчө көркөм тексттер, балдарга чыгармачылык менен ой жүгүртүүгө жана сөздү тандап колдонууга жардам берет. Мисалы, балдар өзүнүн тажрыйбаларын баяндоодо, тексттин элементтерин талкуулоодо жана жазуу иштеринде чыгармачылыкты колдонууга үйрөнүшөт.

- **Китеп окууга кызыгууну арттыруу**

Көп учурда балдар китеп окууга кызыкпагандыкты жана китептерди кызыктуу таба албагандыкты көрсөтүшөт. Адабий окуу китептердин мазмуну жана стили аркылуу балдардын кызыгуусун арттырат. Көркөм чыгармалар балдардын кызыгуусун ойготуп, аларды окууга түрткү берет. Көркөм тексттер өзүнүн кызыктуулугу, эмоционалдык ар түрдүүлүгү жана сюжеттин ийгиликтүү курулушу аркылуу балдардын китепке болгон кызыгуусун арттырып, алардын окууга болгон мотивациясын жандандырат.

- **Жаңы маалыматтарды өздөштүрүү**

Китеп окууга болгон кызыгуунун жоктугу жана кыйынчылыктар жаңы маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүн чектейт. Адабий окуу балдардын билим дүйнөсүн кеңейтет. Адабий тексттер ар түрдүү темаларды, тарыхты, маданиятты, адам турмушун жана башка көптөгөн аспектилерди камтыйт. Көркөм адабият аркылуу балдар жаңы темалар, адамдардын турмушу жана ар түрдүү дүйнө таанымдарды билип алышат. Мындай окуу балдарга жалпы билим деңгээлин көтөрүүгө жана дүйнөгө болгон түшүнүктөрүн тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк берет [6].

Адабий окуу китеп окуудагы кемчиликтерди жоюуда маанилүү роль ойнойт. Көркөм адабият балдардын сөз байлыгын, чыгармачылыгын, логикалык ой жүгүртүүсүн жана моралдык баалуулуктарды өнүктүрөт. Адабий окуу балдардын китепке болгон кызыгуусун арттырып, окуу процессин жандандырып, ошол эле учурда алардын жалпы билим алуусун жана дүйнө таанымын кеңейтет. Балдардын жазуу, сүйлөө жана түшүнүү жөндөмдөрүн жакшыртууда адабий окуунун мааниси зор.

**Адабияттар:**


1. Рысбаев.Т.К. Китеп-билим булагы.Эл агартуу №3-4,2017-ж.48-49-беттер.
2. Айтемирова Ж.У.Китеп-акыл, ойдун баа жеткис асыл казынасы. Наука, новые технология и инновации Кыргызстана .№2,2022.171-б.
3. *Сайдалиев М. ж.б. Китеп-ааламдын эшигин ачкан ачкыч. Эл агартуу. №3-4, 2020-ж. 30-31-беттер.*
4. *Г. Мадаминов. Акыл эмгегинин маданияты. Б-2020-ж.16-б.*
5. Рахимова М.Р.ж.б. Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы. Бишкек-2002-жыл.
6. С.Жаңыбаева Адабий окуу жана балдардын тилдик өнүгүүсү. Б-2010-ж.